КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**XXVIII-чакырылышынын VIII кезексиз сессиясы**

**Таш-Дөбө а.** **17 сентябрь 2024 ж.**

# ТОКТОМ №56

## Арашан айыл аймагынан жеке үй салуу үчүн жер тилкесинин аянтын чектөө жөнүндө

2024-жылдын 16-сентябрында болуп өткөн кезексиз жыйында, Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы Болгонбаев Самат Таалайбековичтин жана Арашан айылдык кеңешинин төрагасы Курманбаев Алмаз Болотбековичтин жана сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майында № 291 Токтому менен кабыл алынган “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүнгү” жобону негизинде

**Арашан айылдык кеңеши**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майында № 291 Токтому менен кабыл алынган “Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүнгү” жобо кабыл алынганга чейинки Арашан айыл өкмөтү тарабынан (мурунку Таш-Дөбө) берилген токтомдор, чечимдер жеке үй салуу үчүн жер тилкеси канча өлчөмдө бөлүнүп берилген болсо, ошол өлчөмдө күчүндө калсын;

2. Арашан айыл аймагынында жеке үй салуу үчүн жер тилкеси Арашан айыл өкмөтү тарабынан (мурунку Таш-Дөбө) берилген токтомдору, чечимдери жок болсо, жер мунапысы үчүн бир адамга жер тилкесинин көлөмү 0,08 га аянттан ашык эмес бекитилсин;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевгежүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Курманбаев**